## 1. Жалпы жоболор

1.Таабалды Жоробеков атындагы №95-орто мектебинин Уставы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы «Жалпы билим берүүчү уюму жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» №541 токтомунун негизинде иштелип чыккан.
2. Таабалды Жоробеков атындагы №95-орто мектеби төмөндөгүдөй аталат:
-кыргыз тилинде: Таабалды Жоробеков атындагы №95- орто мектеби
-орус тилинде: средняя школа №95 имени Таабалды Жоробекова
Юридикалык дареги: индекси: 723609, Ош облусу, Өзгөн району, Жалпак-Таш айылдык аймагы, Курбу-Таш айылы.
Мектептин учредители: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.
3.Мектеп үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу учун шарттарды түзөт.

## 2. Мектептин иши төмөнкү принциптерге негизделет:

-республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
-гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;
-жарандуулук жана патриоттук;
-билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
-окутуунун динден тышкары мүнөзү;
-академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
-жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.

## 3. Мектептин негизги максаттары:

1.Мектептин негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй- бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.
2.Адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.
3.Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.
4.Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат. Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.
5.Мектептин бардык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу тариздин –экстернатты - колдоно алышат. Күндүзгү –сырттан (кечки) билим алуу тариздин жалпы билим берүү уюмунун 6-11 (12)-класстарына ишке ашырылышы мүмкүн.
6.Үй-бүлөлүк, жекече, күндүзгү, сырттан (кечки) билим алуу, экстернат же ар кандай тариздердин айкалышкан түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү